# Гыйбат эмне экенин билесиңерби?” - деди. Алар: «Аллах жана Анын Элчиси жакшы билет» - дешти. Ал айтты: «Бир тууганыңды ал жактырбаган жагын айтууң» - деди. Ага: «Билесиңби, менин бир тууганымда менин айтканым бар болсочу?» - деп айтылганда Пайгамбар: «Эгер айтканың бар болсо, анда сен аны гыйбат кылган болосуң. Эгер болбосо, анда ага жалаа жапкан болосун» - деп айтты

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: «Гыйбат эмне экенин билесиңерби?” - деди. Алар: «Аллах жана Анын Элчиси жакшы билет» - дешти. Ал айтты: «Бир тууганыңды ал жактырбаган жагын айтууң» - деди. Ага: «Билесиңби, менин бир тууганымда менин айтканым бар болсочу?» - деп айтылганда Пайгамбар: «Эгер айтканың бар болсо, анда сен аны гыйбат кылган болосуң. Эгер болбосо, анда ага жалаа жапкан болосун» - деп айтты.
[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) шариятта тыюу салынган гыйбатты мындайча түшүндүрүп жатат: Мусулмандын артынан анын жаратылышындагы же адеп-ахлагындагы жек көргөн нерсесин айтуу. Мисалы: Кылый, алдамчы, жалганчы жана ушуга окшогон жаман сыпаттарын айтуу, эгер ошол сыпаттары анда бар болсо да. Ал эми анда ал сыпат жок болсо, анда бул гыйбат кылуудан да жаман. Бул жалаа б.а. адамда жок нерсе менен жалаа жабуу.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/5326